**Кыргыз Республикасы**
**Жалал-Абад облусу**
**Сузак району**
**Кыз-Көл айыл аймагынын**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**Индекс 30262588 Чымчык-Жар айылы**
**Т.Сатаров көчөсү 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

**Кыргызская Республика**
**Жалал-Абадская область**
**Сузакский район**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Кыз-Кольского айылного аймака**
**Индекс 30262588 село Чымчык-Жар**
**Улица Т.Сатарова 26**
**Эл.почта kyz-kol.gov.kg**

# ТОКТОМ

**19-февраль 2026-жыл** **Чымчык-Жар айылы**

**Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясынын № 3- токтому**

**Таштандыларды ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө” кодексинин 73, 74, 75, 76-беренелерине ылайык Кыз-Көл айыл аймагында калктуу конуштардын , социалдык обьектилердин жана комерциялык обьектилердин таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым жөнүндө карап чыгып, Кыз-Көл айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги IX сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыз-Көл айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгуу үчүн төлөнүүчү жыйым жеке жана юридикалык жактар-ишкердик иши үчүн арналган имараттардын ээлери, мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган курулуштар, ишканалар жана мекемелер төлөйт. Жумушчулардын санын эсепке алуу менен бир жумушчуга 100 сом өлчөмдө жыйым бекитилип берилсин.

2. Айыл аймагы үчүн учурдагы жылдын 1-апрелине чейин жыйымдын эсеби тапшырылсын жана төлөнсүн.

3. Ал эми учурдагы жылдын 1-апрелинен кийин жаңы катталган субъекти үчүн жыйымды төлөө жана эсебин тапшыруу мөөнөттөрүн, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык төлөөчүнүн реестрине киргизилген айдан кийин, 20сынан кечиктирилбестен калктуу конуштардын таштандылардан чыгаруу үчүн жыйымдын эсебин тапшырып, жыйым төлөнсүн.

4. Аталган токтом Кыз-Көл айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актларынын мамлекеттик реестрине жайгаштырылгандан кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Жумабаевге милдеттендирилсин.

**Төрага:** **К.Кушбаков**